| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

# № 7 ТОКТОМУ

31.01.2025-жыл

Арал айылы

**Атай айыл аймагындагы "Доржу" каналын Суу ресурстары кызматынын Тогуз-Торо райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевдин 30.01.2025-жылдагы №01-12/219 сандуу чыгыш катынын негизинде Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышын) кезектеги VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Атай айыл аймагындагы узундугу 16.6 км "Доржу" каналынын курулушу жергиликтүү бюджеттен 478 миң сом каржыланып, толук бүткөрүлүп, элге сугат суу берилип жаткандыгына байланыштуу Суу ресурстары кызматынын Тогуз-Торо райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилсин.

2. Документтештирүү жана Суу ресурстары кызматынын Тогуз-Торо райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү үчүн айыл өкмөтүнүн астында комиссия түзүлсүн жана мыйзам чегинде өткөрүп берүү жагы комиссияга милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

4. Жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо жана ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Нарматовага милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке жана айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Муса уулу Жанайга тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**